**УДК 920. 91**

***Рысманов* Т. О.**

# МАЛДЫБАЕВ БОЛОТБЕК АБДЫЛАСОВИЧТИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЧЫЙЫРЫ

***Рысманов* Т. О.**

# ТВОРЧЕСКИЙ ПУТЬ МАЛДЫБАЕВА БОЛОТБЕКА АБДЫЛАСОВИЧА

***T. O. Rysmanov***

# MALDYBAEV BOLOTBEK ABDYLASOVICHTIN CHYGARMACHILIK CHYYRY

**Аннотация:** Макалада Болотбек Малдыбаевдин чыгармачылык жолу, баскан изи, кыргыз маданиятына кошкон салымдары каралган. Жалпы орто мектептерде музыкалык билим берүү үчүн Б. Малдыбаевдин чоң салымы бар жана ошондой эле бир топ авторлор кыргызтилинде музыка сабагын окутуу үчүн бир топ китептерди жаратышкан. Анын ырлары, реквием-баллада, романстар, хор үчүн жасалган аранжировкалар жана хор үчүн иштеп чыккан чыгармалары бар.

**Негизги сөздөр:** Композитор, дирижер, педагог, хормейстер, музыкант, пианист

**Аннотация:** Следы статьи Б. Малдыбаева творческий путь и вклад в культуру. Для музыкального образования в государственных школах Б. Малдыбаева огромного вклада, а также для обучения группы авторов, уроки музыки создали много книг. Его стихи, Реквием, баллада и принять меры для романтики, хора и хоровых произведений для разработчика.

**Ключевые слова**: Композитор, дирижер, педагог, хормейстер, музыкант, пианист

**Annotation:** The footsteps of the article If Maldybaev creative way, and contributions to culture. For music education in public schools B. Maldıbaevdin huge contribution and also for the training of a group of authors, music lessons have created a lot of books. His poems, Requiem, ballads and arrangements made for romance, choir and choral works for the developer.

**Keywords:** Composer, conductor, pedagogue, hormeyster, musician, pianist

Малдыбаев Болотбек Абдыласович 1934-жылы 18-мартта кыргыз профессионалдык музыкасынын негиздөөчүсү. СССРдин эл артисти, композитор Абдылас Малдыбаевдин үй-бүлөсүндө туулган. Кыргыз маданиятына салым кошкондугу үчүн ал жөнүндө көптөгөн макалалар, монографиялар, рефераттар жана диссертациялар жазышкан. Музыкатаануучулар белгилеп кеткендей, А. Малдыбаев жана музыкалык маданиятты негиздөөдө эң зор салымын кошкон. Болотбек Абдыласовичтин музыка дүйнөсүнө атасы Абдылас Малдыбаев даңгыр жол салган. Атасынын таланттуулугу жана ошондой эле эмгекти суйгөндүгүнүн натыйжасында балдарынын үчөө музыкант болушту. Эжеси Толкун Малдыбаева (1932-ж.). Кыргыз Республикасынын белгилүү пианисти, борборубуздагы "П. Ф. Шубинатындагы музыкалык мектепте окутуучу болуп эмгектенет. Көп жылдар бою жаш муундарды музыка жаатында тарбиялоодо эмгеги сиңген диги үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган; ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө Эмгек сиңирген ишмер». Карындашы Жылдыз Малдыбаева– композитор жана педагог. КРнын композиторлор союзунун мүчөсү. Учурда Ж. А. Малдыбаева профессор, Мамлекеттик сыйлыктын ээси, бир нече жолу эл аралык фестивалдарда кыргыз музыкалык искусствосун тартуулаган. КРнын искусствосуна

эбегейсиз чоң салым кошкондугу үчүн Ж. Малдыбаева «КР. Ардак грамотасы» жана «Даңк» ордени менен сыйланган. [1]

Болот Абдыласовичтин энеси– Батипа Акматалиева жаш кезинен эле жакшы ырдап жана бийлеген экен. А. Малдыбаев үй-бүлөсү менен Фрунзе шаарында Миррахимовдун короосундагы кичинекей батирде турушкан. Ошол мезгилде Абдылас Малдыбаевтин уулу Болотбек туулган. Болотбектин атын кошуна турушкан жазуучу Касымалы Жантөшев койгон экен. Кийин театрга жакын азыркы Касымалы Баялинов атындагы китепканага жайгашкан жерге көчүп келишет. Топурактан салынган үйлөрдө атактуу акындар жана манасчылар турушкан. Ошондой үйлөрдүн биринде Абдылас Малдыбаевдин үй-бүлөсү туруп калат. Беш жашына чейин Каным апанын колунда чоңоюп ошол себептен аны апа деп айтчу. А. Малдыбаев 30-40-жылдары мамлекеттик маданий–массалык иштерге активдүү катышкан.

А. Малдыбаев 1937-жылы СССРдин Жогорку Советине депутат болуп шайланат. 1938-жылы эң биринчи жолу «Айчүрөк» операсын жараткан. Ал эми 1939-жылы Москвадагы биринчи кыргыз искусствосунун декадасына катышат. 1940-жылы П. И. Чайковский атындагы Москва консерваториясынын алдындагы улуттук студияга кабыл алынат. Болотбек Абдыласович ата-энеси менен 1940- жылдары Москва шаарында М. Горький атындагы көчөдө жашап калышат. Кошуналары белгилүү Сергей Яковлевич Лемешев жана башка ушу сыяктуу музыкант жана аткаруучулар болгондуктанБолотбекагайгаалардынталанттарычоңтаасиркалтырган.

Уулу Ата Мекендик согуш башталганда үй-бүлө Фрунзеге көчүп келет. Абдылас Малдыбаев бир нече жолу аскер комиссариатына барып өз ыктыяры менен фронтко суранат, бирок мамлекет аны «сенин чыгармачылык ишиң тылда» деп жибербей коёт.

Болотбек Абдыласовичтин эскерүүсүндө ардайым атасынын үйүндө маданияттын ишмерлери: акындар жана композиторлор, актерлор жана ырчылар келип турушкан. Ошол мезгилде композиторлор Союзунун имараты болбогондуктан Болотбектин атасынын үйүндө ар кандай жыйындар болуп турган жана чыгармачыл адамдар тез-тезден ал үйгө чогулуп турушкан. Кабинеттин ичинде ар кандай кагаздар, резолюциялар жана токтомдор жайгашкан. Бөлмөнүн ортосунда В. С. Виноградовдун кеңеши менен Москвадан алынып келген рояль турган, ал роялда Болотбек кыргыздын классикалык музыкаларын ойногон. Рояль жөнүндө сөз кылсак ал дайыма Абдылас Малдыбаевдин үйүндө ардактуу орунду ээлеген. Өткөн кылымдын 90-жылдарында роялды оңдоочу мастер «настройщик» анын корпусунда жазылган жазууларды байкаган. Анда мындай деп жазылган экен: «Бул рояль (падышанын үйүндө) Романовдордун үй-бүлөсүнө таандык». Демек ал роялда Николай экинчинин үй-бүлөсү да, анын жана ошондой эле Россиянын белгилүү музыканттары да ойногондору маалым. Б. Малдыбаевдин легендарлуу роялы 2007-жылы борборубуздагы тарых музейине Абдылас Малдыбаевдин чыгармачылык кечесине арнап экспозиция ирээтинде өткөрүп берген. Бул роялда Болотбек Абдыласович тогуз жашында ойной баштаган жана ошондой эле фортепианодо ойноонун ыкмаларын өздөштүргөн.

Ошол мезгилде Болотбек агай А. С. Пушкин атындагы№5 орто мектебинде окуган. Кийин 1943-жылы П. Ф. Шубин атындагымузыкалык мектебине 1- класска кирген. Атасынын бөлмөсүндөмузыканттардын кандай ойногонун көрүп кызыккан. Болотбек батыраак үйрөнүп, ойноп кетүүгө аракет кылган Өзгөчө композиторлор В. Власов жана В. Ференин өзүнүн чыгармаларынклавиатураны карабай ойногону Болотбекти таң калтырган. Болотбек Абдыласович фортепианодо ойноонуныкмаларынмыкты педагог-пианист Мария Львовна Канделден үйрөнгөн. [2]

Алдыда анымузыкалык окуу жайыжана консерваториякүтүп турган. Болот фортепианодо ойноонун ыкмаларын, окуп жүргөн мезгилде өздөштүргөн. Ким болуп

иштебесе да, убагында борборубуздагы музыкалык -педагогикалык окуу жайында директор, хордун жетекчиси жана педагогикалык кесипти аркалап жүрсө да роялдан эч качан кол үзгөн эмес.

Болотбек үчүнчү класста окуп жүргөндө угучуулардын купулуна толуп, опера жана балет театрында бир тууган эжеси Толкун менен П. И. Чайковскийдин «На тройке» деген пьесасын Кыргызстандын композиторлор союзунун пленумунда аткарышкан. Бул Болотбектин турмушундагыбирден-бир жетишкендиктеринин бири эле.

1950-жылдары Б. Малдыбаев орто мектепти жана ошондой эле музыкалык мектепти аяктайт. Андан соң ал М. Куренкеев атындагы Кыргыз Мамлекеттик музыкалык хореография училищасынахорду дирижерлөөбөлүмүнө кирип, А. П. Сапожникованын андан кийин С. Ю. Юсуповтун классынан сабак алат. Болотбек Абдыласович 1955-жылы Москвадагы П. И. Чайковский атындагыконсерваториясына тапшырат, ийгиликтүү өтүп кетет. Ошол кезде Москва шаарында окуп жүргөн кыргыздын музыканттары: С. Медетов. Т. Эрматов, Х. Мухтаров, К. Сартбаева, К. Арзиев, А. Аманбаев, А. Нуртазин, К. Айтыгулов, А. Жумакматовжанабашкалармененбирге окуйт.

Консерваторияда биринчи курста окуган мезгилде бир катар кыйынчылыктар болгон, себеби А. В. Свешников атындагыМосквадагы хор музыкалык окуу жайын бүткөн таланттуу студенттер менен окуп калган эле. Алар жогорку деңгээлде даярдалган студенттер эле. Болотбек Абдыласович үчүн аларга теңелип, көп сабактардан жетишүү негизги максат эле. Ал эми экинчи курстан баштап ал өзүн тыңыраак сезип, окуудагы. жакшы ийгиликтерди көрсөтүп, ар кандай студенттик кечелерде жана концерттерде активдүү катышып өзүн көрсөтө алган. Москва консерваториясынын хорду дирижерлөөкафедрасынынпедагогикалык курамы эмгеги сиңген белгилүү инсандардан болушкан. Атап айтсак: А. В. Свешников (консерваториянын ректору) К. Б. Птица (СССРдин эл артисти, искусство илиминин кандидаты), В. Т. Соколов (профессор), А. Б. Хазанов (профессор, чоң театрдынхормейстери), В. П. Мухин (профессор, кафедранын**, башчысы).**

Бир мезгилде Болотбек Абдыласович менен ар кайсы курстарда окуган В. Л. Живков, А. Д. Кожевников, В. С. Попов, В. П. Илвин, Б. Г. Тевлин – азыркы учурда профессионал музыканттар республикага эмгеги сиңген жана эл артисттери. Болотбек Абдыласовичтин биринчи курсундагыпедагогдору В. И. Минина, С. С. Благообразовдун, ал эми экинчи курстан баштап В. Г. Соколовдун классында окуган.

В. Г. Соколов - белгилүү хормейстер жана педагог көп сандаган дипломдордун жана сыйлыктардынээси болгон.

1958-жылыРСФСРдин эл артисти, 1961-жылы консерваториянын профессору наамыналган ал эми 1966-жылы жогорку билимдеги кадрлардыдаярдагандыгыүчүнСССРдин эл артисти деген наам алган.

Б. Малдыбаевдин дипломдукишинде Й. Гайдндын «Месса ре - минорун», өзүнүн аранжировкасында, (А. Малдыбаевдин романсы) «Кимге айтам» хорун дирижерлук кылган. Ага Бухарестте вокалдык конкурстун IV Буткул дүйнөлүк жаштардын жана студенттердин фестивалынын жеңүүчүсү (1953жылы Румыния). Ошол мезгилде КыргызССРнин эмгек сиңирген артисти С. Бекмуратова эжебиз коштоп ырдап берген, натыйжасындадипломдук иш «беш» деген баага баланган.

Болот Абдыласович Малдыбаев 1960-жылы Москадагы консерваториянынийгиликтүү аяктап, Фрунзе шаарына келет. Ошол эле жылы В. В. Маяковский атындагы Кыргыз Мамлекеттик кыз-келиндер педагогикалык институтунун хорду дирижерлөө кафедрасына ишке кирет. Аталган жылдын декабрь айында Кыргыз Мамлекеттик хорунун хормейстери

болуп дайындалат. Экинчи хормейстер республикада белгилүүкомпозитор Ч. Жумаканов болгон.

Б. Абдыласовичтин чыгармачылыгына токтолсок, биринчи күндөн баштап эле бир айдан кийин Россияга гастролго кете тургандыгын эскертишкен. Хордун жамааты ошол кезде жогорку децгээлде эле.

Аткарылуучурепертуарлароруstунклассикалыккомпозиторлорунун чыгармаларынан түзүлгөн. Атап айтсак: (П. И. Чайковский, П. Г. Чеснаков, В. Я. Шебалин, В. Калинников) жана башка кыргыз композиторлорунун чыгармаларынанболсо: А. Малдыбаев, В. Фере, М. Раухвергер, М. Абдраев, А. Аманбаев) жана башка жасалган эмгектер Россияда, Казакстанда жана Өзбекстанда кол чабуулар менен өтө жогорку деңгээлде бааланган.

Б. А. Малдыбаев менен Ч. Жумаканов экөө биргеликте жогорку деңгээлде кызыктуу аткарыла турган чыгармаларды даярдашкан. Республикада жана чет өлкөгө гастролго чыгышып, жогорку сапаттагы концерттерди өткөрүшкөн. Орто Азия боюнча эң жакшы хор коллективи (жааматы) деп эсептелген. 1963-жылыКыргыз Республикасынын Мамлекеттик хору, мамлекеттин чечими менен таркатылган.

Б. А. Малдыбаев 1963-жылы КРнын илимдер академиясына философия жана укук институтунун «искусство» бөлүмүнө аспирантурага өтөт, кийин Москва консерваториясынакыргызмузыкасы боюнча жетекчилер жок болгондуктан которулат. Илимий жетекчиси белгилүү композитор, искусство таануу илиминин доктору, Казакстан Илимдер академиясынын академиги А. К Жубанов болгон. Б. А. Малдыбаев кандидаттык диссертациясын жактаган жок, себеби ал ошол кезде практикалыкиштерге жана коллективдин аткаруучулук жагына кызыгып кеткен. Б. Абдыласович Кыргыз Мамлекеттик А. Малдыбаев атындагыопера жана балет театрына хормейстер болуп кирет.

Султан Юсупович Юсупов менен биргеликте С. Германовдун «Эненин жүрөгү» (Сердце матери), П. И. Чайковскийдин «Иоланта», Ж. Бизенин «Кармен», В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференин «Айчурек» операларын даярдашкан.

1966-жылы Б. А. Малдыбаев Республиканын телерадиосунун чакырыгы боюнча келип «Симфоджаз» оркестрын түзүп, анын башкыдирижеру болгон.

Оркестрде иштеген иши бааланып Болотбек Абдыласович Кыргыз Мамлекеттик филармониясынын көркөм жетекчиси болуп шайланат. Ошентип Б. Малдыбаев 1967-жылдын15-февралынан баштап филармониянын башкы көркөм жетекчиси болуп иштей баштайт. Б. А. Малдыбаев ар бир чыгармачылык топторду өз ордуларына коюп төмөндөгүдөй жаңы топторду түзгөн. Бий ансамбли (жетекчиси Н. Тугелов), эстрада ансамбли Б. Малдыбаев менен Ч. Кожомжаров экөө бирдикте репертуарлардын үстүндө иштешкен. Сатиралык бригада «Мыскыл жана тамаша» (жетекчиси Б. Малдыбаев жана М. Байжиев), фольклордук ансамбль (жетекчилери Э. Турсуналиев жана Т. Тыныбеков).

Болотбек Малдыбаев 1971-жылы конкурстук шайлоонун негизинде Кыргыз Мамлекеттик кыз-келиндер педагогикалык институтуна ага окутуучу болуп кирет.

1970-1980-жылдары Д. Б. Кабалевскийменен биргеликте мектепте музыка сабагын берүүнүн жаңы методикасын жана программасын иштеп чыккан. Авторлор: Э. А. Абдуллина, Т. А. Бейдер, Т. Е. Бендеровой, Г. С. Тарасовалар. Ал Президиум АПН СССР. жана СССР композиторлор союзунан жактырылган. Эксперименталдык группанын жетекчиси Д. Б. Кабалевский жана Б. Малдыбаевдин тыгыз иштешкендери жакшы жыйынтыктарды жаратты.

Республиканын эл агартуу министрлигинин чечими менен 27-октябрда 1981-жылы «Музыка жана ырдоо» программасы кыргыз тилинде окутууга киргизилген. Комиссиянын мүчөлөрү: Б. Малдыбаев-жетекчиси, Н. Давлесов, Т. Койгелдиева, Ш. Турдумамбетова, Г. Мамбетова, Ж. Абдыкалыкова, А. Мурзабаев, К. Абышев, болушкан. [3]

Б. Малдыбаевдинилимийизилдөөчүлүкжана методикалыккөрсөтмөлөрү, республикалык семинарларда жана конференцияларда окулуп сүйлөгөн сөздөрү газета-журналдарга басылып турган. Атап айтсак, «Эл агартуу», «Кыргызстан», «Ала-Тоо», «Мээрим», «Новигатор», «ВечернийБишкек», «Кут билим», «Эркин Тоо» жана башкалар.

Б. А. Малдыбаев концерттик ишмердиги менен көптөгөн чет өлкөлөргө барып, кыргыздын хор искусствосун тааныткан. Атап айтсак: Алыскы чыгыш, Украина, Грузия, Прибалтика, Өзбекстан, Казакстан жана башка шаарлар.

Илимий ишмердиги боюнча көптөгөн китептерди жана монографияларды жазган. Орто мектеп үчүн, 1-3-4-7-класстар үчүн музыкасабагынанокуукитептерин түзгөн.

Союз учурунда көптөгөн шаарларда болуп, ачык жана көргөзмө сабактарга, ошондой эле илимий конференцияларга катышкан. Атап айтсак: Москва, Владимир, Киев, Сумы, Баку, Минск, Челябинск, Алма-Ата, Фрунзе жана башка шаарлар.

1.Сегиз жылдык жана орто мектептердин программасы. Ырдоо 5-7 класстар үчүн.

Кыргызокуупедмамбас-1962-ж. басылып чыккан.

2.Музыка сабагын окутуунун методикасынын программасы.

Мектеп басмасы. Фрунзе. 1974-жылы басылып чыккан.

3.Жалпы билим берүү кыргыз орто мектептеринин музыка сабагынын эксперименталдык программасынын хрестоматиясы.

Б. А. Малдыбаевдин музыкалык тарбия берүүдөгү эмгегин баалап СССР жогорку советинин эмгектеги артыкчылыгы медалы менен сыйланган (1970), ВЦСПСтин «Өздүк көркөм чыгармачылыгындагы жетишкендиктери үчүн төш белгисинин ээси» (1973), «Илимий изилдөө иштери боюнча Ардак грамотасы менен сыйланган», (1979), «Билим берүүнүн отличниги» (1979) жана көп жылдан берки эмгеги бааланып«Эмгектин ардагери» болгон. 1995-жылыпедагогикалык кесипте көп жылдан бери эмгектенгендиги бааланып Кыргыз Республикасынын «Билим берүүдөгү эмгек сиңирген ишмери» деген наам менен сыйланган.

**Адабияттар:**


1. Бруг Л. П. «Болотбек Малдыбаев»: Монография, очерк. Бишкек. - 2008.
2. Болотбек Малдыбае: «Эмгек өткүнүмдүн бир тамчысы» ырлар, хорлор иштелип чыккан хордук чыгармалар. -Бишкек - 2014.
3. Ата жолун жолдогон музыкант:Кыргызтуусу. 2011. -12-июлу. -12 бет.


**Рецензент: доцент. муз. каф., Бөдөшев А.**